88

# ДЕЛО

Спецфонду
инв. 89/500-4015

№ ______

Казыбектин ырлары
(түпнусканын ордуна көчүр-
мөсү машинкаланган нускасы).

Начато ______ 19__ г.
Окончено ______ 19__ г.

## БИРИНЧИ КАЗАЛ

.........................

Кандайда болсоӊ бир өзүӊ
Кабардар болчу алымдан!
Акырында Аба эне,
Ак Расул дагы өткөн.
Аси жафи үммөт деп
Айтып-айтып зар өткөн.
Омор,Осмон-чарияр
Абубакир,Аалылар-
Мындай асыл баары өткөн.
Отуз үч миӊ саба
Олуялар дагы өткөн.
Таажысы бар башында
Так Сулайман дагы өткөн.
Лаилаха иллала
Пайгамбарым Мухаммет
Тили келген келмеге
Дин мусулман сага үммөт.
Улук менен курандын,
Урматы үчүн булардын
Гафурдаис атындан
Бир нажатлык сураймын,
Кафур эткин бир алла,
Каталык кетсе тилимден.
Кайрылып жардам тилеймин
Гайуз,Кыяз пиримден.

Азирети Кызыр пайгамбар,
Артында кырк чилтендер
Тиер бекен жардамың!
Тилеги жетсе бенденин
Эр Бабедин шайыктар,
Пирим медет кылбасаң,
Бир тыйынча пайда жок
Миң күнү мен ырдасам.
Кудай сүйгөн жан үчүн,
Курбан болгон Ак үчүн,
Йа Ысмайыл байгамбар
Жалбарамын ал үчүн.
Эки шейит эр бала
Ымамлардын каны үчүн,
Кадыр Алла,бер медет
Карыплардын алы үчүн!
Асан бала Үсөйүн
Азиреттин жаны эле,
Атасы Аалы Кудаанын
Анык сүйгөн шери эле.
Азирети Фатима
Жанымбалам дээр эле.
Эгиз күйгөн шам чырак
Эки ааламга бек эле.
Атаңа наалат жезиттер
Аларга кылган зулматты,
Сураса да бир кашык
Суу бербестен кууратты.
Офасыз жалган дүнүйө,
Ойлончу,кимди жыргатты.

Баян кылам азыраак
Баштан өткөн жумушту.
Бар кудайдын тагдыры
Балык жуткан Жунусту.
Кырк күн балык ичинде
Кылды насип турушту.
Жараткан,өзүң билесиң
Жакшы-жаман кылышты.
Залал жетпей ошондон
Сак-саламат бошонгон.
Кыйносунда өкүмдүн
Кызыл өңүм бозоргон.
Ййменбей алып таштаңыз
Ийриси болсо сөзүмдөн!
Райым кыл,Зулжалал,
Иш өткөндүр өзүмдөн.
Азирети Айыпты
Үч жыл курт жеп айыкты.
Азап тартып анүчүн
Алда канча зарыкты.
Жармашып курт жабылды,
Жаратканга жалынды.
Миң жеримен тешилип,
Мүңкүр болуп сабылды.
Калбырлап курт жегенде
Катуу тараткан жабырды.
Ал ошончо балаага
Айып кылган сабырды.
Билдиремин өтүнүп
Бир өзүңө алымды.

Кезеги менен жалгасаң
Кетиресиң арымды.
Алла Таала Кудайым
Аман койсо жанымды.
Алты тыйын пул болуп,
Агасына кул болуп,
Айланайын атыңдан,
Азирети Жусуп сатылган.
Ырайым кыл Зулажалал
Ибарат алган ушундан.
Жети жатып зынданда
Жетилип аңдан кутулган.
Акылың болсо ар иштин
Артында жок залалы
Кудурети улук Зулжалал
Куткарып тмындан алабы?
Азатлыкка жетсем деп
Ар бенденин талабы.
Алла Таала баштасаң
Алагды кылбай санааны!
Өз журтуман айрылып,
Кадыр Алла жолуңдан
Калганым бардыр тайгылып.
Калк ичинде курбудан
Каламбы деп айрылып,
Кайрылуу кыл кудурет,
Кандай кылам кайгырып.
Агерөкче өтүнөм

Аллага ыйлап зар кылып.
Алла Таала бендесин
Коер белек кар кылып.
Жараткандын эрки бар
Жалганда жокту бар кылып,
Ажап эмес кудайым
Азатлык жолду бар кылып,
Эл ичине барарбыз
Эсен болсок кайрылып.
Калемде кеткен иш болсо
Кантейин,Алла,кайгырып.
Оболтон калбай катардан,
Акчубак деп атанган
Ак дидаариң көрөрмүн
Аман кайтсамсапардан.
Акчубактан тараган
Аз жабыке уругум,
Атым молдо Казыбек
Агайын сенден ажырап
Айыздык тартып курудум.
Азелде тагдыр ушу деп
Артын тилеп турумун.
Артында кудай бербесе,
Айтканым туура келбесе,
Калемде бизге жок болсо
Кадыр Алла бергиси
Башта калаар,кантейин.
Бактысыздык белгиси.
Бактым болсо көрөрмүн
Байырлап өскөн жеримди

Кастарлуу калың акчубак,
Касиеттүү элимди
Туралбастан козгодум
Туулуп өскөн жеримди.
Ойлоп келсем ошол жер
Оодарылтат зээнимди.
Байкоосуз күндү өткөргөн
Баштагы дөөлөт зээриңби?
Адам уулу дүйнөдөн
Армансыз өтөт дедимби.
Өйдө-төмөн каталык
Өзүмдөн өткөн бейлимби.
Айдалып ага-туугандан
Айрылып эрксиз келдимби?
Айланып аман көрөмбү
Ат-Башы,Нарын чегимди!?
Айып көрбө агайын,
Артык кетсе кебимди!
Калкка нуска болсун деп
Кагазга жаздым белгимди.
Муңайып сөздөн эринген,
Мурзалар нечен керилген.
Көп зарланып,кантейин,
Көрөрмүн муну теңирден,
Адашып келген мен эмес
Адашкан жалгыз элинен.
Элинен нечен азган бар,
Эмгектүү жолду баскан бар.
Байыркы келген дөөлөтү

Башынан ооп качкан бар.
Байланган жипсиз колдору
Бактысыз нечен арыстан бар.
Овматы кыргыз наамынан
Оодарылган жаңыдан,
Каракол,Нарын,Таластан
Каржалып келди баарынан
Айдап ийди буякка
Ажыратып малынан.
Саялуу чынар багынан,
Салынуу сарай тамынан
Сарланамын алым жок
Сандалттың турмуш абыдан,
Замандаш курбу-курдашты
Санап келсем сагынам.
Караан көрсөм бул кезде
Калксыз болуп табылам.
Эсирген элсиз болгон соң
Эркелеп кимге жагынам.
Ишим түшсө биреөгө
Ийменемин зарылам.
Кашымда казак тууганга
кандай кылып алынам?!
Байкоосуз өткөн жашымда
Балалык күнгө тарынам.
Калкынан азган мусаапыр
Кайгырат түрлүү жагынан,
Кабардар бол кудурет,
Карыплардын алынан!
Өкүмүң улук Жаайаббар,

Өтүнгөн сенден талап бар,
Өтүнүчүм кабыл болбосо
Өзүңө ымаалым ал-абал.
Кор кылбачы,кудурет,
Кармалып кетти манаптар
Ала-Тоо ашуу бел калып,
Атадан туулуп бир өскөн
Ага-тууганы эл калды.
Адыры тулаң,ою чеп
Аяк-башы тең кылдоо
Ар боруму келишкен
Ал өңдөнгөн жер калды.
Атайын барып өзүң көр
Айтса-айтпаса чен барбы!
Ар адамга пайдалуу
Айланасы кең калды.
Санап туруп малды алып,
Салынуу сарай тамды алып,
Өкүмөттүн колуна
Өтүп кетти жамдалып.
Көңүлдү барат козголтуп,
Көргөн адам таң калып.
Бай,манап деп тандалып,
Бадибатка жалданып,
Жаман катын,жаш бала
Жабырлык тартты сандалып.
Ит дүйнөгө алданып,
Ишенип жүрдүк байланып,

Оокат кылып,мал багып,
Отун албай жан багып,
Ат тукумун мингенден
Айнычу белең арданып.
Биринчи мартта биз кеттик
Уйсилит болуп айдалып
Кайран эл сени керембү
Кайтап келип айланып.
Туз буйрук мында байланып,
Туруп калсак жайланып,
Керектүү тууган сен болсоң
Келерсиң бириң шайланып.
Кекенген душман калгандыр
Кетти го деп айдалып.
Талап кылам,кудурет,
Тагдырыңа жалбарып.
Ойлонуп еткөн күндөрдү
Оорубай еңдер саргарып,
Ойноп-күлүп жүрүүчү
Офадар теңтуш,жар кылып.
Көргөзсө кудай ар ишти
Көтөрөт ажиз бенделик
Ажыраттың,кудурет,
Айлантып тузун буйрабы
Ага-тууган жалпыдан.
Аркаларга ага жок,
Абалкыдай жүрүүгө
Ат-Башы,Нарын калаа жок.

Сананым көрсөң иши жок,
Сабылсам алдын иши жок
Калкынан азган бенденин
Кадырын билер киши жок.
Ала-Тоо калды алыста
Амалым жок барышка
Көбүнчө салам айтабыз
Көргөн,билген таанышка
Канчалык болдук ынтызар
Калктан кабар алышка.
Кандай күндөр кез келет
Кайтып үйгө жатышка.
Келди мында айдалып
Кемпир менен абышка
Ийри түстү ыгачу
Ишибиз турат алыста.
Акыйкат кылып өкүмөт
Айыптууну табышка
Карып болгон биздерди
Кайтарып жолго салышка.
Кетирип ийет жалгаса,
Кеңчилиги кармаса.
Кеңтүрүш деген эсепке
Күнөөсүздү айбаса.
Акыйкат кылып өкүмөт
Айыптууну кармаса,
Арманы барбы адамдын
Андан кийин айдаса.
Кайтарар деген үмүт бар

Ката болуп калбаса
Кууса жетер көк аяк
Корстугуна барбаса
Айдалып чыктык Нарындан
Аксакалдар,карылар
Ажыраштык ошо күн
Ага-тууган баарыдан
Айлантып тузун буйрабы
Ат-Башы,Нарын шаарындан
Нарындан чыктык кыйналып
Нааразы болуп ыйладык,
Көрүнбөй черик калгыча
Көздүн жашын тайбадык.
Ат-Башы ата,бооруңа
Алдакандай сыйбадык.
Карыплыктан ошентип
Кара жанды кыйнадык.
Миң тогуз жүз жыйгирма
Тогузунчу жылында
Бай,манап деп тандалып
Маалым болдук кылымга.
Кимдер кимди аясын
Кирип келсе ыгына.
Буйрук менен кез болдук
Бул өңдөнгөн кыйынга.
Кармаган-туткан дүйнөдөн
Калбады бирөө ырымга.
Кантелик алла тагдыры
Калемде бүткөн чыгымга.

Камфизкабит этүүгө
Кемасийа шайланып,
Аны уккан душмандын
Ансайын көөнү жайланып,
Үйгө келди бир топ жан
Үркөрдөй болуп айланып
Турасың куп деп айла жок
Турмушта колуң байланып.
Арызды угар киши жок
А кудайлап зарланып.
Айрылып ага-туугандан
Алыска кеттик айдалып.
Кол кармашып ага-ини
Коштошуп чыктык өзүңдөн.
"Кош ,аман бол!"дегенде
Козголду жаштар көзүмдөн.
Уялуу жыгач,урматту эл
Уктасам кетпей эсимден.
Замандаш курбу,курдашым
Санаса көңүл эсилген.
Эл ичинде жүргөндө
Эркелеп чыгып эсирген.
Кайрылуу кыл,кудурет,
Каталык өткөн өзүмдөн.
Араба менен калдырап
Айнектей көз жалдырап,
Айдап чыкты орустар
Аркабызда балдырап.
Кандай болот алым деп
Карап турдук жалдырап

Карыплык башка түшкөндө
Калат экен алсырап.
Балдары жаш,күнү суук
Бадыбатка түшө албай
Бар сарамжал колдо жок
Барыктап тамак иче албай
Мусапырлык жолунда
Муңдуунун сөзү бүтө албай.
Тогуз күндө түшмөккө.
Буйруган жерден насипти
Бура тартып ичмекке
Көчө келдик ошентип
Карт Боронзо шаарына.
Көбүнчө салам айтабыз
Көргөн-билген баарына.
Айтарсың салам биз үчүн
Ак сакалдуу карыңа
Кеңештердин өкүмү
Кеңчилик кылса алыма
Кечирээр деген үмүт бар
Кечүү болуп дарыя.
Жыйырма эки күндө токтолуп,
Жылчыксыз айла жок болуп,
Ара күрмөй биз келдик
Айыпталбай сот болуп,
Олтурдук келип байызга
Он экиден токтолуп.
Кечки саат ондордо
Кетти байыз октолуп.

Көрөбүз деп экинчи
Көңүлдө кайгы жок болуп.
Кызыл өңөр боз болуп,
Кыйла дарттар козголуп.
Кылганы кайрат дин үчүн
Кыяматтык досболуп
Мусаапырлык жолунда
Мундуулар ыйлап өчкирип,
Күнү-түнү он күндө
Түгөтө албай өригип
Отараба мингенден
Ошончолук зеригип,
Көрбөгөндөр байыздын
Көп тураарын биле албай,
Тура калса жүгүрөт
Түшпө десең тил албай.
Ашыгып берсе избону
Абышка кемпир мине албай.
Аксак,чолок,алсыздар
Артта калды кире албай
Карбаластап ошентип,
Кайсы экенин биле албай.
Эмгектүү кемипр-чал келди
Эл,журтунда тим калбай.
Орумборго жете албай
Отарабадан чарчадык.
Атын уккан тешкен тоо
Артта калды канчалык
Он күн жүрдүк арада

Оюнчолук санаада.
Ооdарылып биз келдик
Орумбор деген калаага
Каралык түшпей мойнга
Калдык мынча калаага!
Бактысыздык күнүндүк
Башка келсе караба.
Келтирер болсо кудайдын
Кезеги кептүр жана да.
Ак,карабыз ылганбай
Айыпталдык арада
Айрылуу кылсын кудурет
Калтырды мынча санаага.
Баштан тайса деелет,бак
Баашадан калар алтын так.
Ачып кезду жумганча
Ажырап малдан болдук сап.
Кор кылбастан кудайым
Койсоң экен денди сак!
Жалгыз езүң медеткер
Жазулжалал жалгыз ак.
Деелеттүү султансың
Айыптууну езүң тап.
Кайгыга кеңул басынат
Кайрат кылсам жазылат.
Акыйкат кылбай екүмет
Айыпкер деп асылат
Алланын екүмү болгон соң
Ар кимы биздей чачылат.

Башка келген дөөлөттү
Бактысыздык качырат
Бактың туура келгенде
Байлыкка кас да жашынат
Арам эти тартканда
Аксап күлүк басынат.
Жарашса бакты-таалайы
Жарк этип жолу ачылат.
Ар ким сотту сураган
Алып жүрсө асырап,
Аракет үчүн мал тапса
Андан-мындан кашылап,
Эп көрбөсө өкүмөт
Эсим кайда жашырат
Атадан туулуп өскөн жер
Ат-Башы,Нарын асырап,
Ар борумун эске алып
Айткым келди асыраак.
Ушу жерден кудайым
Кетирер бекен батыраак.
Көк шиберге үй тиксе
Көркүнө ыгып чачырап,
Күн тийгенде суу кирип
Күкүгү сайрап чакырат.
Торгою чөлдө сайраса
Тоосунан улар бакырат.
Тоодагы түздө токтосо,
Токоюн кыргоол оттосо,
Коену колот боктосо

Корголоп өзү койбосо,
Ошол өңдүү жеримден
Өкүмөт айдап козгосо,
Эриккен көңүл жазылбайт
Эгем кайтып кошпосо
Айып көрбө агайын,
Адашкан журтун жоктосо!
Айланып жетсем калкыма
Алдымдан шамал тозбосо.
Адырдан боорун түлкү алган,
Аңчылар кармап мүлк алган,
Кудай кылса чара жок
Кутулуп мундан ким алган.
Мал-мүлкүнөн айрылып
Мусапыр болуп тим калган.
Одардың ошол жеримден
Опасыз дүйнө-шум жалган.
Алым начар медет кыл
Азирет Аал-шер балбан!
Өзөндхх булак сазы бар
Ошондон өрдөк,казы бар.
Агала тунжур куш салып
Атып алчу машы бар.
Аралап ойноп жүргөндө
Адамдын баары ачылар
Аллатаала кылган соң
Ар ким биздей чачылар.
Узак жолго чыкты деп

Унутупм мени калбагын
Урук-тууган сенүчүн
Ушунчалык сарладым.
Кайрат кылам ойлонуп
Калың черик арбагын.
Алым начар медет кыл
Артын өсүң жалгагын
Бешенмде бар болсо
Берериңди танбагын.
Кайтып жүрсөм көрөм деп
Канча түрлүү сарлардым
Кандай адам кааласын
Калкынан азып калганын
Тактырына алланын
Талабы болот бенденин,
Тар жолунда турабыз
Тайдырбастан жалгагын.
Оболтон ойноп бир жүргөн
Ат-Башы,Нарын балдарым,
Карыя деп атанган
Касиеттүү чалдарым.
Көрбөй калсак жүзүңдү
Көтөрүлбөс арманым.
Жайлообуз Аксай жер үчүн
Байырланам ол үчүн
Аркан салса ой калат
Аргыган шамал жер үчүн
Агызып келди токтотпой

Агыны катуу сел үчүн.
Сел кетер да,сай калар
Карылай айткан кеп үчүн
Амандыгын тилеймин
Ага-тууган сен үчүн
Актап алчу барсыңбы
Айдалып кеткен мен үчүн
Баркына жетпей дүйнөнүн
Балалыктын зары үчүн
Башка келди бул турмуш
Бактыбыздын кеми үчүн.
Калем алып колума
Капалык түшүп оюма
Муңдуу болуп чыккан соң
Мусафырлык жолуна
Туйлай албай түшкөн соң
Туткун болдук колуна
Аның үчүн өкүмдүн
Айыптaлдык жолуна.
Айлантып бизди тартагер
Ат-Башы ата бооруңа.
Алда таала медеткер
Ар бенденин алына.
Жамагат,сенден айрылып
Жабырлык келди жаныма.
Жакшы күндө бир жүргөн
Жашың менен карыңа
Айттым салам сарланып
Ага-тууган баарыңа.

Кайрымалуу сонуну
Карчыга салган илдирет.
Калк ичинде курбунун
Кадыры бүгүн билинет.
Туура келсе тарт кылка
Туйгун торго илинет.
Мусафырлык жолунда
Мунумдун айтсам ким билет.
Ат-Башы, Нарын, атагың
Алыста калды, капамын.
Оо журтумдан айрылып
Оромбордо жатамын.
Туулуп, өнүп, өскөн жер
Тузуңду качан татамын.
Азыр элең, колдой гөр,
Арбагы черик атанын.
Самаганын алуучу
Сарт-Кечүү калды басарым.
Кашында турат Чештөбө
Касиеттүү масарым.
Жарды, байы белгисиз,
Барган адам келгисиз,
Көптөн бери кыдырып
Көрбөдүк сендей жерди биз.
Экинчи кайтып жүзүңдү
Көрөбүзбү энди биз?
Айланаң Ала-Тоо болгон
Адырың тереӊ коо болгон.
Өзү салкын эң таза

Адамдын дени соо болгон
Эшикке чыксаң салкындап,
Эпкини тийип калкылдап,
Кыбыладан жел согуп
Кыймылдап чөбү жалтылдап
Ыраңы жашыл, көк болгон
Ыргалган шибер чөп болгон.
Жердеп жүргөн адамдын
Жегендей көөнү ток болгон.
Барган адам калкыңа
Баар алып токтолгон.
Көрүп турган адамдын
Көөнүндө кайгы жок болгон.
Эстесем ошол жеримди
Эсилип ичим чок болгон.
Кайран Нарын, Ат-Башы
Кадырың бүгүн жоктолгон.
Айыпталбай сот болгон
Асыркы саңда жок болгон.
Кадыр алда колдойгөр
Катарлуу эпкин октордон.
Айдап малын куунаган
Азаматтар дуулаган.
Адырдын  аркар, кулжасын
Атуучу мерген уулаган.
Адис мерген туш болсо
Ажалдуу кийик  сулаган.
Аркырап аккан кашка суу
Адырда тулаң бураган
Төр-төргө чыккан түрлүү чөп

Төгүлүп гүлдөр бураган.
Түн уйкумда ошол жер
Түшкө кирсе кубанам.
Эртеси көзгө көрүнбөйт
Эмгектүү менин убарам.
Алсыздардын убалын
Аман болсун сураган.
Акылгы туура келгенин
Айтпай кантип туралам.
Капалыкты көңүлдөн
Кайрат кылып чыгарам.
Арким үчүн бул сөзүм
Ак кагазга куралам.
Акыйкатчыл, опасыз
Ар инсанга бул аалам.
Али да болсо кудурет
Калтырба салам, дубадан.
Көчмөн кыргыз калкы бар
Көрөргө түрлүү салты бар.
Алы жеткен үйлөрдө
Алмам өркөч, алты нар.
Жабдык салса төөсүнө
Жапса килем жаркырар.
Жаштары ойноп, күлүүгө
Жарашыктуу наркы бар.
Калк чогулса тамаша
Кадимтен түрлүү шарты бар.
Ойлонсо жүрөк зырп этип
Ошончолук баркы бар.

Саламат бол көргүчө
Самандаш курбу жалпыңар.
Сафардын талап кайырын
Сайрап торгой талпынар.
Агаинден айрыла
Ар ким биздей чарпылар.
Айта берсе түгөнгүз
Асыркы элдин дарты бар.
Жер чымырап, көк жайнап
Жетишип мезгил деп байлап,
Көкөлөп учуп бос торгой
Үн алышып көй сайрап,
Интизар болдук шол жазга
Иш өткөн соң көз жайнап.
Чырпык бүрдөп мер байлап.
Чыңыртып кулун, бээ байлап,
Көйкөлгөн шибер төрлөргө
Көчүп чыгып эл жайлап.
Өкүнсөң кайра айланбас
Өтүп кетти кайра  жаз,
Жел аптапка байланбаз
Жеңип кышты сайган жаз,
Кейиш менен зарланып
Кетип барат кайран жаш.
Эрчип карап артыңдан
Энди болдук айран баш.
Жалпы журтка мээрбан
Жазып жарпын жайган жаз
Ат-Башы, Нарын болушу

Аралаш айыл конушу,
Күрпөңдөн болуп союшу
Күндө бир үлпөт болучу.
Кымызды чайкап ичишип,
Кыялдан дартты жоюучу.
Тартылуу түндүк ак үйдө
Таң-тамаша болучу.
Какылдаган ырчынын
Карагайдан комузу,
Толкуп чертер күүсү бар
Торгойдун муңдуу доошу бар.
Кашкайган келин, сулуу кыз
Капшытты курчап толуучу.
Казак, кыргыз - көчмөндүн
Кадимден бери жолу шу.
Кайран заман жоюлуп
Каптаган темир тор ушу.
Конушу жайлоо тегизден
Койлору баспай семирген.
Которулуп эл көчсө
Козголот көңүл негизден.
Булгары тердик кундуздан
Бурчуна чеге жылдыздан.
Буластаган кыз, келин
Бурала базып ыргыштап.
Кымбат баа кийгени,
Кылыктуу жорго мингени.
Кызыл-тазыл, ак өргө
Кылчаңдай басып киргени.

Оюнда болсо ар кимдин
Ойноп-күлүп жүргөнү.
Ол күндөр кимден калбаган
Опосуз чиркин дүйнөнү.
Берилеби бенденин
Бейлиндеги сүйгөнү.
Күлүктү кимдер минбеген,
Күүлөнүп кимдер жүрбөгөн
Дөөлөтү болсо башында
Дооранды кимдер сүрбөгөн.
Оюна келсе жашчылык
Ойноп кимдер күлбөгөн.
Какшык айтып күлбөгөн
Кадырын жаштын билбеген
Кабагын чытып түйбөгөн.
Кайшкайып күлүп сүйлөгөн.
Кашкайган сулуу келинди
Кайрылып кимдер сүйбөгөн.
Кесирди көзгө илбеген
Керлүү сөздү сүйлөгөн.
Кеп айтардан уялып
Кээ бир балдар сүрдөгөн.
Кезеги келген күндөрдү
Келинди кимдер сүйбөгөн.
Көчкөндө жүрдүк аралаш
Өрүүдө жүрдүк жамалаш
Көрсөтөр бекен кудайым
Көп алыс калды санаалаш.
Айт, арапа күндөрдө

Алкынтып күлүк мингенге
Сар кылбай кудай жеткирсе
Самандаш кадыр билгенге.
Кара суудан каз уулап,
Бойлоп жүрдүк бир кезде,
Катарында курбунун
Ойноп жүрдүк бир кезде.
Калбасак деп иреттен.
Ойлоп жүрдүк бир кезде
Атып мылтык, салып куш
Дуулап жүрдүк бир кезде.
Аркасы менен атанын
Куунап турдук бир кезде,
Арпа менен Аксайды
Жайлап жүрдүк бир кезде.
Ар ким малын төлдөтүп
Айдап жүрдүк бир кезде.
Ээликтирип күлүктү
Байлап жүрдүк бир кезде.
Эл ичинде эркелеп
Сайрап жүрдүк бир кезде.
Кызыл-тазыл ак үйгө
Кирип жүрдүк бир кезде.
Кымбат баа асыл тон
Кийип жүрдүк бир кезде.
Жыбылжытып жоргону
Минип жүрдүк бир кезде.
Жергеси менен айылды
Билип жүрдүк бир кезде.

Азаттык башта, мал колдо
Болуп турдук бир кезде.
Айрылып ага-туугандан
Муңдуу болдук бир кезде.
Арпа бир Аксай жайлаган
Ала-Тоо калды айланаң
Жылжытып жылкы айдаган,
Чыңыртып кулун байлаган,
Күрекке тилин кайраган
Күкүгү муңдуу сайраган
Көк өзөндө шибер чөп
Көркүнө чыгып жайнаган
Жылжып аккан суусу бар
Жыргалдуу жерлер ушулар.
Бурулуп бизге бу жерден
Буйруп койгон тузу бар.
Бешенеге бүткөнгө
Бечара бенде учурар.
Кантелик алла тагдыры
Калемде бизге ушу бар.
Азаттык берсе бар кудай
Айланып бир күн кутулар.
Ак өсөн, Ак сай жерим ол
Ардактуу черик элим шол.
Алды-артымды карасам
Айланам турат темир тор.
Калкыма эсен кайтарга
Кадыралла бергин жол.
Атамдын аты .........
Атамдын уулу койдум кол.

Ардактуу Жапарр бөбөгүм
Ар жерде болсоң аман бол.
Максатка кудай жеткирсе
Мартабаңды кылсын сор.
Асиз көргөн бендесин
Алла таала кылбаз кор.
Абайлап көрсөм катасыз
Акыры жүргөн биздин жол
Арты болсун кайрылуу
Ажап эмез кетер шол.
Сандалдырган мынчалык
Сансааттын темир тол
Адашып элден ким келген?
Адашып кырк төрт бир келген
Баштан өткөн жумушту
Баян кылам бир-бирден.
Өкүнбөйлүк мындайга
Өтпөйт бул турмуш кимдерден.
Кетмен-Төбө жеринен
Келди жалгыз элинен
Тайабы бар эр экен.
Тайбай жүрөт эбинен.
Бала болуп Байгазы
Барчага тийчү пайдасы
Кезеги жок бул күндө
Кетип турат айласы.
Бактысыздык бир турмуш
Башта турат байкачы.

Байгамбар өткөн сиз эмез
Байдалуу болсун аркасы.
Келтирди мынча турмушка
Кедейдин тийип балкасы.
Кең дүйнөнү тар кылган
Кесирлүү залим залакасы.
Тиер бекен биздерге
Адөөлөт Совет аркасы.
Каркол экен дубаны
Карып калган убагы
Карын болуп Кулбарак
Касиеттүү бу дагы
Сай күлүктөн бириккен
Заманында бу дагы
Кайраты бар башында
Кабылан экен жашында
Келген экен бир нөөбөт
Керектүү нечен асылга
Байгазы, чекир акыны
Балдары менен айдаган.
Баарлык менен айдаган
Баарлык менен ушулар
Баркынан мурун тайбаган.
Кангелди менен Үкүнү
Катары менен кармаган.
Канча убактан баржакка
Катардан мурун тайбаган.
Ырсалы менен Ысмайыл
Айдалып келди Кыдыктан

Ташка тийсе тайбас эр
Тайгандырсың кылыктан
Андай эмез тагдыр жол
Айтабыз наадандчылыктан.
Жумгалдан келди Жумабай
Эсенбай, Калыс мурсалар.
Кадимки чоң Балтабай
Кандын уулу Жумадил
Ардактуу болуп жоокудан
Атасы өткөн бир адил.
Ошол эрдин баласы
Орунсуз турат чамасы
Адам деп айтам ошону
Азаматтын даанасы.
Тирүү жүрсө калкында
Тийчү экен байдасы
Кат, каламы колунда.
Кайраты бар боюнда,
Карарып кызмат кылгансып
Карылардын колунда
Сактай көр алла,бир карып
Саясаттын торунда
Ар ким жүрсө ушунун
Айыл-апа тойунда.
Жакшы, жаман оройлук
Жарашыктуу орунда
Айланайын кудурет
Алсыздарды кор кылба.

Оодарылып Нарындан
Он эки адам алынган
Алла таала бир өсүң
Асат кылычы жалындан
Айтамын баштан ардактуу
Ажы Чыңгыш карымды
Кайран Муса кожонун
Кабарын айтам ошонун
Кайратың кетип ажалдан
Кабылан элең бошодуң
Калып сөзгө турбаймын
Кантейин дүйнө осолуң.
Уругу саяк жалпыңдан
Урматтуу элең калкыңдан
Азелден тагдыр ушу деп
Айтып калдык артыңдан
Мүнөсү калсын бир нуска
Муса кожо маркумдан
Артыгы элең буудандын
Агасы элең туугандын
Күлүгү элең буудандын
Күйөөрү бөлең тууганды̆н
Башыңа дөөлөт келгенде
Балалыктай кубандың.
Күндө жыйын той болсо
Күлкүң чыгып кубандың.
Салганың тайган, куш эле
Салтанатың ушу эле
Бүркүтүң бөөрү, куш алган

Бирлешкен киши мүлк алган
Ар кимге опаа кылбайсың
Атаңдын көрү шум кылган.
Адагы өткөн сен эмес
Азирет Аалы шер балбан.
Салмагы оор сен элең
Санжыргалуу немеэлең
Карып мискиң калкыңа
Канзадча бар элең
Кандай болсо таеке,
Касиеттүү жан элең.
Он сегиз миң ааламга
Акимдик кылган Сулайман
Айланып ажал жеткенде
Адагы өткөн бу жайдан
Ажатка жанын зарп өткөн
Атантай жоомарт дагы өткөн.
Акыйкатсыз кармалып
Алыска кеттик айдалып,
Айланып келбес ордуна
Ар канча айтсак сарланып
Карыя сенден айрылып,
Кадың журтуң кайгырып
Ата кылсын ыйманды.
Акырет кеткен сиздерге
Сабыр берсин кудайым
Алсыз карып биздерге
Артында калды туягы
"Атакем" деп истерге
Аман кайтпай сапардан

Ага-иниңди кейиттиң
Арты болсун кайрылуу
Абзели болдуң шейиттин
Бирге келген жолдошуң
Бир бириңди колдосун
Барабар келди калкынан
Байлыгы журттан артылган
Ардактуу Канат курдашың
Адагы кетти артыңдан.
Илгертеден бир келген
Акыреттик эрмеги.
Ар ким өлсө сиздердей
Арманы болбоз бенденин
Ага-ини достордон
Ажырап кимдер косколгон.
Ырсалы менен Калыйды
Ылгап кетти Кочкордон.
Ага-ини шериктен,
Ажыратып эриктен,
Мамбет,Ыйман,Чортекти
Бөлүп кетти чериктен.
Ала-Тоо ашуу белинен
Ак-Өзөн, Ак-Сай жээгинен
Калың черик, моңолдор
Касиеттүү элинен
Калың журтум моңолдор
Калтырап Бокең кейиген.
Борондо апа көк күмбөз
Болжолдуу калды конушуң
Борумун артык моңолдор

Боогачы кетти болушуң
Кадыр алда, тилеймин
Кайырлуу арты болушун.
Катарында Калдыбай
Каралашкан тууганың
Ардактуу болуп Боогачы
Аман болчу бууданым.
Алсыздык башта, биз мында
Амири шол кудаанын
Али да болсо агайын
Амандыкты сураган
Карылардын авалын
Казал кылып курадым.
Күнүм болсо бу кезде
Күлүп ойноорубагым.
Күлмөк турсун залимдин
Күйүтүн тартып куурадым.
Теңдиги жок Никелей
Так сизге жетсин убалым.
Ааламга тийген жарыгың
Дөөлөт Сабет чырагым.
Жарыгың тиер бекен деп
Жалбарып тилеп турамын.
Калемде бүткөн иш болсо
Кандай айла кыламын.
Жумгалдан келди Жумабай,
Эсенбай калыс Мурсалар
Эртели кеч алладан
Эсендик тилеп турсаңар,
Өсүбүзден өткөн кеп

Өгөктөп тообо кылсаңар.
Курсанттык кылып кудайдан
Куткарган деп бу жайдан
Ажап эмеспи, мурсалар,
Асат болсоң бу жайдан.

## ЭКИНЧИ КАЗАЛЫ.

Алдым колго калемди,
Ак кагазды кармалап,
Алым келсе бир сөздү
Айткым келет чамалап.
Калк ичинде бир нуска
Калса деймин аралап.
Кадырсыз болсо угууга
Кала берсин талаалап.
Жакшы болсо бул сөзүм
Жакшы журтка таралат.
Алы келген жумушка
Ар ким кылат далалат.
Айта берсе түгөнбөйт
Аркасынан балалап.
Түшүп аткан куштардын
Түлөгүндөй сабалап
Көп ойлосом бикирди
Көңүл кетет каралап.
Азарында бакшы деп
Атанын уулу саналат.
Атайын ырчы болду деп
Ар ким айтат табалап.
Наарызылык жеткирет
Наамачы деген жаманат
Кирип келсе тарткылык
Кимге келбейт алаамат.
Жаратуучу бир өсүң
Жалфы начар аманат.

Артыбыздан бир өлүм
Аңдып турат сабалап.
Каршы келсе кутулуп
Кантипадам калалат?
Болжобойлук тагдырды
Болсок болду саламат.
Атамдын аты .........
Аалымдын болсом баласы
Бай-манаптын бири деп
Башымда жүрөт жалаасы.
Бикири башка душмандын
Бир канчалык табасы
Айта берсе мейличи
Ар кимдин башка санаасы.
Ыраак калды Орумбор
Ирасийдин калаасы.
Билбеймин андан башканы
Бендеге тиер баанасы.
Аманат алла өсүңө
Алыс калды арасы.
Ак жолунда белгилүү
Ар адамдын чамасы
Бербесе кудай тилекти
Бенденин барбы чамасы.
Өзүмдүн атым Казыбек
Өтүүрдүм баштан касиет.
Жигирма сегиз жашымда
Жиберти турмуш касирет.
Кетирип кубат, алымды

Кетелек кээри асыр да
Жабыркатып бир жактан
Жалгыздык турат башымда.
Жатсам-турсам ойлонуп,
Жабырың башта мол болуп,
Жалгыздык сенин айыңдан
Жалооруймун зар болуп.
Жардылык, байлык кимде жок
Жатканың болсо толгонуп,
Бактысыздык бул кезде
Байлаган жипсиз тор болуп.
Тарттырдың түрлүү мушакат
Таалайга бүткөн шор болуп.
Келечекте турмуштун
Кетер бекен оңдолуп .
Баштан тайса дөөлөтү
Падыша түшөт тагынан.
Кайырлуу болгон калк үчүн
Казал жаздым жаңыдан .
Бурулду биздин кайран эл
Буркурап акты көстөн сел.
Каптап кетти толкутуп
Караңгы шамал катуу жел.
Көргөн соң түрлүү жабырды
Көңүлдү басты кайгы-чер
Ашуусу бийик, жолу тар
Алдыбызда турат бел.
Басууга дарман кубат жок
Башы айланып болду деп.

Акыл кетип ордунан
Алсыратып башта жер
Алмыздарга сен жардам
Азирет Аалы улук шер.
Ажал огу аралап
Атылып кетти нечен эр
Акыркы турмуш бек начар -
Артын кудайе эстү бер.
Улук кудай чеберим.
Унутпасын берерин,
Ушатына сыйынам
Ушундан башка не дээрим.
Барбадигер сен элин,
Бааналарым мен элим.
Билбеймин сенден башкадан
Бир жакшылык келерин
Урятчыл балшабаш
Улуктун көрдүм себебин.
Кийинкиге бир нуска
Китеп кылып беремин.
Окуп жүргөн агайын
Ушул берген белегим.
Өңгүрөдү кайрен эл
Ошончолук жар болуп.
Жергесинен айрылып
Жетине албай сар болуп.
Кайтып орду болорбу
Кадыр алла жар болуп.

Өтүп кеткен заманда
Өрүшү толгон мал болуп.
Өлүмдөн башка жообу жок
Өзүндө бийлик бар болуп,
Алгы-берги соодасы
Ар бир жерден шар болуп.
Артылган элдин байлыгы
Алтын, күмүш сар болуп.
Көтөрүлгөн сыймыгы
Көрүнөө кысыр шар болуп,
Адил бааша кан болуп,
Акимдери мар болуп,
Айылга нуска берүүчү
Аксакал кары чал болуп,
Жегени казы, жал болуп,
Жергеси толгон мал болуп,
Эл көчкөндө келин, кыз
Эки-экиден бар болуп,
Жетегинде кыздардын
Жез буйлалуу нар болуп.
Чайкаган кымыз бал болуп,
Чатырап айыл эл конуп.
Чапкылап балдар ойносо
Чалыштын мойну тер болуп.
Эркин Аксай жер болуп
Эртелеп айыл эл конуп.
Эл чогулуп сойчу тай
Эки энеге тел болуп

Эртели-кеч эстесем
Эки көзүм сел болуп.
Басууга кубат - дарман жок
Бат айланып тел болуп.
Бадыша кудай жолдой көр
Пааналарым сен болуп.
Жанатын уксам имиштен
Салтанатка келишкен
Каадасын өткөн замандын
Карылар айтып беришкен.
Четтен душман жок кылса
Чечилип коюп киришкен.
Ынтымакка жараша
Ырысы журттун келишкен.
Байге берип, кунан чаап
Баш бошобой ойлошкон.
Баары кемер курчанып
Бай балдары күмүштөн.
Көкбөөрү тартып жаштары
Көбүнчө ойноп көнүшкөн.
Эки балбан беттешип
Эрегишип эңишкен.
Топту бузган баатырга
Тогуздан байге беришкен.
Ал убакта кайран эле
Алынча дооран сүрүшкөн.
Күлүктү салып кермеге
Күрпөңдү сoюпшернеге
Күнүгө жыргап жатуучу
Күйүттүү биздин эл беле.

Кейиштүү мундай турмушту
Келтирди кудай бендеге
Каафырдын зулуму болбосо
Карлык тартар эл беле.
Эл чогулуп топтошуп
Элүүлөп бизди жээр беле
Эгемдин иши болбосо
Элсиз качкын дээр беле
Айылга консо малга жай
Айкалган нечен тер эле.
Адамдын баарын ачуучу
Ат-Башы биздин жер эле.
Гүлдөрдүн иси бураган
Күскү салкын жел эле
Күлбетин көргөн адамдар
Күндө эле жүрсөк дээр эле.
Түпкө кирбез мунчалык
Түйшүктү тарттык эми эле.
Жардылар байдан ссаан алган
Жалданып, малды, таап алган.
Азып-тозуп баргандар
Ат-Башыдан баар алган.
Конур салкын күз болгон.
Конушу салкын төр болгон
Салганы тайган куш болгон.
Самаганы түш болгон.
Өзөндүү булак саз болгон
Өрдөгү учса каз конгон.

Атып мылтык, салып куш
Адамдары маш болгон.
Дөгүрсүп нечен азамат
Дөөлөтүнө маз болгон.
Казганактап үй тигип
Калк чогулуп аш болгон.
Жаштары кызмат кылышып
Жакшысы журтка баш болгон.
Чалыштан күлүк ат болгон
Чабышып ойноп шат болгон.
Бай жардысы белгисиз
Башына сыймык бак конгон.
Сойгону семиз бээ болгон.
Шонусу журттун кээ болгон.
Бадыша түшүп тагынан
Балшабек журтка ээ болгон.
Арасы күйгөн от болгон
Найым Шабкат жок болгон
Жаман жолго киришип
Жаш балдары шок болгон.
Жалпы журтту күйгүзүп
Жалыны катуу чок болгон.
Ак жеринен канча адам
Айдалып кетип сот болгон.
Кор болду биздин мусулман
Колдой көр кудай ошондон.
Улуктур колу тар болуп
Ушунчалык кызыл кан
Уялуу жыгач, урматтуу эл

Упурап бүгүн бузулган.
Барбардигер бир өсүң
Бар адамга медеткор
Башка мүшкүл иш түштү
Бааналарга себеп бол.
Жараттың түрлүү жан кылдың
Жалганда жокту бар кылдың
Адам затка ырыскы
Алал насип мал кылдың,
Азар түмөн мал берип
Анын атын бай кылдың.
Азирети Аалынын
Ак өсүңө шер кылдың.
Казат кылса кафырга
Кайра тартбаз шер кылдың.
Кээ бирөөнүн бактысын
Кээ бирөөдөн кем кылдың.
Касиеттүү адамдын
Калыкка сөзүн эм кылдың.
Казак менен кыргызды
Кайырдинге жем кылдың.
Энди ойлосом бизлерди
Эмгекке жезген эл кылдың,
Эзилтип кыйла момунду
Эки көзүн зел кылдың
Акылы кетип ордунан
Айлантып башын теш кылдың.
Тобокел кылып кудайга
Толгонуп сени бел кылдым.

Коркуп кафыр орустан,
Которулуп конуштан,
"Куткаргын,-деп ,-балшабек,
Кудайды билбез доңуздан",-
Учурап селге кайран эл
Ушунчалык болушкан.
Атагы черик Чаштөбө
Аралап эки болуштан
Раак ы жакын кылуучу
Радийа,ккаттары
Уруятчыл Исталин
Башкы жолду чапканы.
Кеңешке тутка болсун деп
Калининди чактады.
Капиталис урааны
Керинскей жактады.
Турмуш кыстап жеңилип
Туратискей батпады.
Ошолордун тилеги
Орду менен акпады.
Котолулуп бул кезде
Кор болду журттун ахвалы.
Сабетискей ушубуСак
МСактап алды бакканы.
Сатсиализм жолунда
Сапырып журтту таштады
Казак менен кыргыздын
Канын соруп кактады.

Агып зелдер каптады.
Азилди чаян чакканы
Алынсын деп жаш балдар
Абийабленийа чаптады.
Белгилүү кудай өсүнө
Бенденин жабыр тартканы.
Бейли журттун бузулуп
Береке элден качканы.
Бир-бирине жакшылык
Бир туугандан эртпады.
Кадыр алла биздерди
Кандай жолго баштады.
Адашып кыргыз акылдан
Айрылгыз шорго чатылган.
Байкабай түптүү душманга
Башында бекер катылган.
Каргаша болуп айрылдык
Кайырлуу бир тууган жанындан.
Калемде тагдыр себеп шор
Кезасы жеткен каапырдан.
Теңдиги жок өкүмет
Тентитип калкты сапырган.
Тентектик сенде балшабек,
Телмиртип журтун качырган.
Бузуктуктун белгиси
Букарага асылган.
Келер бул турмуш өсүнө
Кетсе сыймык башыңдан.

Бузуп динден кыргызды
Бузук жолго чакырган
Адашып көбү дининен
Алданып сөзгө сатылган.
Көмдүрбөй койду өлүктү
Көрөт деп чыгып амбалды,
Шыпырып тоноп кийимин
Шылуундар чечип алганбы.
Көңүлү чегем жалганда
Көрбөдүм мундай адамды
Такыр алып башкасын
Таштаса боло дамбалды
Талашып бекер өлкөнү
Талаада кылды жаңжалды.
Сурап көр Айдараалыдан
Сүйлөгөн болсом жалганды.
"Жаа алла!"деп уккандар
Жакасын кармап таң калды.
Улутунуп муңайып
Ушунчалык сарланды
Бир бирине жете албай
Бир туугандар калганбы
Кейитип жанды бул турмуш
Катырды кубат,дарманды.
Өтүнөмүн,жараткан,
Тилеп сенден жардамды.
Кубат кылам ойлонуп
Кудаанын шери балбанды

Тентип ийбей чогултуп
Телчитип кайра торолтуп,
Коргылбай кудай конушка
Кондурар бекен оңолтуп
Атанын акы-баланы
Асырап баккан чоңойтуп,
Көрүмшөкчү кудайым
Насип кылсын оролтуп
Ар кимге нөөбет бир келет
Алланын ишин ким билет
Кыйынсынган кишинин
Кыялын көрүп жин келет.
Жазууда тактыр болбосо
Жалынсаң сага ким келет
Өтпөсө сөзүң биреөгө
Өктө кылыш жарабайт
Качып нечен келдиң деп
Кайтып бизди табалбайт
Адамга зыян жетерин
Акылсыз наадан карабайт.
Эби жок чоркок адамдар
Эт жүрөктү жаралайт.
Эл билбеген март болсо
Эмгенин журттан аябайт
Касиеттүү адамдар
Калкка кайра санабайт

3-КАЗАЛ

Калкынан ар ким азбасын,
Катарлуу жолду баспасын.

Калемде кудай бендеге
Карлыкты мунча чачпасын.
Башка түшкөн мушакат
Барган сайын артпасын.
Жараткан салса эрки бар
Жабырды кимдер тартпасын.
Жалпы момун бендесин
Жамандыктан сактасын.
Капырдын көрүп зулматын
Кантип адам качпасын.
Калса мейли дегенбиз
Кара жандан башкасын.
Эркелеп өскөн балдардын
Эмгектүү кылдың башбашын.
Ар кимге күлкү сөз болуп
Арманын айтып какшасын.
Биз өңдүүлөр жеңилсе
Билгендер айыбын ачбасын.
Билбесе нечүн ырдайт деп
Чылымпоздор айтпасын.
Адам уулу көтөрөт
Алла таала жазганын.
Ар ким көрсүн таалайдан
Алаамат жолдо басканын.
Ыраактыпай терип жейт
Ырыскы насип чачканын
Калемде тагдыр шол экен.
Карачы журттун качканын

Билими жетпейт бул ишке
Бир кудайдын башканын.
Айып көрбө агайын
Ката болсо айтканым.
Ар ким биздей болбосун
Алды-аркасын ойлосун.
Азап тарткан бендесин
Алла таала колдосун.
Айрыбасын кудайым
Ар адамдын жолдошун.
Ушинтип кимдер таштасын
Уялуу жыгач ордосун.
Кадимден өнүп-өскөн жер
Кантип адам кордосун.
Калкында жүрүп эркинче
Кар болдум деген оңбосун.
Ат-Башылык чериктин
Ак сакалы-агалар:
Абдылда, Кулчун болуш деп
Атагың журтка барабар.
Адашып элден калгандар
Акылын кайдан табалар.
Айта турган жел сөзүм
Ак кагазга курулду.
Артка кетсем жеңилип
Айып көрбө мунумду.
Опасыз жалган дүйнөнү
Ойлонуп көөнүм бурулду.
Баразатту адамдар

Байкап сөзгө туюнду.
Заман акыр белгиси
Заң саясат кубулду.
Адам уулу көтөрөт
Алла таала кылганын
Жалган болсо бул сөзүм
Жалпы тууган сындагын.
Туура келген жумушту
Туралбаздан ырдадым.
Бисмилла деп баштамак
Бир кудайдын барлыгы.
Билгизет далил куранда
Бизге анык барлыгы.
Ажал жетсе өлүмгө
Ар кимдин жок арлыгы.
Ар канча кепоз болсо да
Аралжы болбойт барлыгы
Атабыз Адам байгамбар
Аларды койбой алдыбы.
Ак өсүнө шер кылган
Азирети Аалыны.
Кудайдын досту Мухаммет
Кутулуп шолор калдыбы.
Азирети Сулайман
Ааламга машхур хандыгы.
Алтын таажы тактыдан
Ал дагы бир күн тайдыбы.
Ажал-өлүм мергендей

Артыбыздан аңдыпы.
Ааламдан өтпей ким калат
Алланын бирдур жарлыгы.
Күйүндүргөн адамды
Күнүмдүк өлүм карлыгы.
Ардактуу бегим өттү деп
Ансайын санаа арбыды.
Саңдалып журтуң жүргөндө
Салып кеттиң кайгыны.
Ушунча кайрат, дем эле
Угулса тирүү барлыгы.
Айланып аман көргөзбөй
Азыркы турмуш тарлыгы.
Кармалып барып жезиттин
Калаасында кечиктим.
Кайрылып быйыл келет деп
Кабарыңды эшиттим.
Каалаган ойго жете албай
Катарлуу дартка кезиктим.
Акырет үчүн салдырган
Аркасы тиер мечиттин.
Наамың кетти ар жерге
Насип болдум кай жерге.
Орустун барып колуна
Олтурдуң үч жыл түрмөдө.
Ошондо жүрсөң мейли эле
Урматым атам бар дээрге.
Ибарат болор жүргөнүң

Иншалла ар жерде
Байгамбардын адисте
Бар болор айткан // убакта...

Алты атадан тараган
Ак Чубак сизге караган.
Айыкпаган чер болсо
Акылын тапкан арадан.
Алсыз, начар дарттуунун
Ажатына жараган.
Баарлашкан журт үчүн
Байдасын бирдей санаган.
Кас санаган душманга
Катарлуу эпкин самаган.
Кеңешиң журтка пайдалуу
Кетпеген калкың чамадан.
Керектүү атам өттү деп
Кейисем кайдан табаалам.
Акыйкатсыз кармалып
Айыпталдың жалаадан.
Айланып журтуң көрө албай
Армаңда кеттиң паанадан.
Аргымактын асылы
Айбан да болсо жаныбар,
Көркөмдүккө чыгарган
Көкүл, куйрук жалы бар.
Көркүнөн ар ким айрылса
Көрүүгө бенде тайгылар.
Адам уулу асыл тон

Абийри үчүн жамынар.
Эскирсе тону жаңырар.
Эмгектүү шору арылар.
Өзүңөрдөй бир асыл
Өткөн соң кайдан табылар.
Ар адамдын өзүнчө
Айта турган зары бар.
Артында калган алсыздар
Азабың тартып сабылар.
Алладан тилеп жардамды
Арбагың коргоп жалынар.
Берсе кудай тилекти
Бенденин канча алы бар.
Өсүң менен бир өскөн
Өкүнбөйбү карылар.
Жакшы күндө бир жүргөн
Жакындарың сагынар.
Абубакир Аалылар
Оволтон азиз наамы бар.
Азирети молло Осмон
Азизлер өткөн тагы бар.
Жайыңыз болсун жаннаттан
Жар болсун ушул чалияр.
Алсыратып бул турмуш
Артында жалгыз уулуңду
Болжолсуз жүргөн чагымда
Бошоттуң кокуй муунумду.
Өлүмгө кеттиң айла жок,
Өкүнгөн менен байда жок.
Өзүңүздөй дүйнөдөн
Өткөн адам кайда жок.

Арт. 4803р.
Т.У. 81-01-290-77.
Цена 3 коп.